| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА** |

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XIV сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

№ 14/3

2023-жылдын 22-ноябры, Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бекитилген бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2 –пунктуна жана Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин Регламентинин 1-бөлүгүнүн 2-главасынын 2-пунктуна ылайык Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бекитилген бюджети жөнүндөгү" Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысы О.Мамасали кызынын маалыматын, Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2023-жылы бекитилген бюджетине зарылчылык келип чыккандыгына байланыштуу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.

2. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн бюджеттик планына киргизип берүү жагы КРФМ Кара-Кулжа каржы башкармалыгынан суралсын.

3. Бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө тиешелүү документтерди даярдап райондук каржы башкармалыгына тапшыруу жагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы О.Мамасали кызына милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын

Тиркеме 1 барак, 1 нускада

Төрага **Н.Айтбаев**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин 22.11.2023-жылдагы № 14/3 токтомуна тиркеме

**2023-жылдын бюджетине төмөндөгү өзгөртүүлөрдү киргизүү**

| № | тармак | глава | параграф | берене | өзгөртүүлөр | | анын ичинен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | көбөй түлөт | азай тылат | I кв | II кв | III кв | IV кв |
| 1 | Детс. сад | 709 | 2215 | 22154900 | - | 39,07 | - | - | - | - |
| 2 | Детс. сад | 709 | 2211 | 22111100 | 9,07 | - | - | - | - | 9,07 |
| 3 | Единый налог | - | - | 11121100 | 305,4 | - | - | - | - | - |
| 4 | ЖКХ | 706 | 2215 | 22154900 | 305,4 | - | - | - | - | 305,4 |
| **5** | Детс. сад | 709 | 2222 | 22221200 | 30,0 | - | - | - | - | 30,0 |
| | | | | | | | | | | |
| | **Жалпы:** | | | | **649,87** | **39,07** | | | | **344,47** |

**Катчы** **С.Осмоналиев**